**Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасында жана анын филиалдарында 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 1-июлуна чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**Отчет**

2024-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 21-майындагы № 06-1/363, 2024-жылдын 9-июлундагы № 06-1/468 буйруктарынын негизинде, аудитор П.С. Батировдун жетекчилиги алдында мамлекеттик инспекторлор М.Ж. Артыков, К.М. Калмаматов, Д. Авазов, Э. Акимжанов, Б. Садыков, К. Торобеков жана тышкы адис Р. Коджоевдер тарабынан Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасында жана анын филиалдарында 2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 1-июлуна чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси**

Аудитке карата жооптуу тарап - Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги, ал эми аудиттин субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасы жана анын 19 филиалы эсептелет.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасында бюджетинин аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Ишти аткарууда колдонулган аудитордук стандарттар**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы № 01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтомдору менен бекитилген шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Аудиттин предмети**

“Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын бюджетинин аткарылышы укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин масштабына кирген төмөнкү маселелер камтылды:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйругунун аткарылышы;
- Финансылык-чарбалык ишине анализ;
- Республикалык бюджеттен бөлүнгөн субсидияларды пайдалануунун натыйжалуулугунун аудити;
- Касса жана банк операцияларына аудит;
- Эмгек акы төлөө фондуна аудит;
- Иш сапар чыгымдарынын жана отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн аудити;
- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар боюнча укуктук ченемдик актыларынын сакталышына аудит;
- Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит;
- Дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- Капиталдык жана учурдагы курулуштарга аудит;
- Ижара мамилелерине аудит;
- Бухгалтердик эсептин абалына аудит;

**Аудит критерийлери**

Аудиттин критерийлери болуп, “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын ишин жөнгө салган төмөндөгү ченемдик укуктук актылар болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды

уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругу менен бекитилген Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын эрежелери;

- Ички түзүмдүк иш кагаздар (буйруктар, жобо, устав, көрсөтмөлөр ж.б.) жана башка укуктук ченемдик актылар.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгил ичинде насыяларды тескөөчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

- биринчи кол коюу укугу менен: “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын башкы директору Джусупбеков Болот Джаныбекович 2020-жылдын 11-ноябрынан тартып 2024-жылдын 26-июнуна чейин, башкы директордун милдетин аткаруучу Мамбетова Асель Мурадиловна 2024-жылдын 26-июнунан ушул мезгилге чейин;

- экинчи кол коюу укугу менен: - башкы бухгалтерлер: Мамбетова Асель Мурадиловна 2008-жылдын 04-августунан тартып 2024-жылдын 10-январына чейин, Мааткaзиева Алия Зайнидиновна 2024-жылдын 10-январынан ушул мезгилге чейин.

**Аткарылган жумуштардын кыскача мазмуну**

Бул аудиттин жүрүшүндө “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын (мындан ары - “Кыргызжылуулукэнерго” МИ) ишине тиешелүү ченемдик-укуктук иш кагаздары, ички ченемдик иш кагаздары, 2023-жылдын 1-январынан тарта ишмердиги жөнүндө баяндамалары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жазма буйругунун аткарылышы боюнча көрүлгөн чаралар, бекитилген сметанын аткарылышы боюнча маалыматтар, жылуулук энергиясынын тарифтери, субсидияларды эсептөө жана бөлүштүрүү, кассалык жана банктык операциялар, эмгек акылардын туура төлөнүшү, сапар чыгымдарынын жана отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөр, негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы, дебитордук карыздардын өндүрүлүшү, ижара мамилелери, насыя береселердин төлөнүшү, мамлекеттик сатып алуулары боюнча жана башка жумуштар камтылды.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундуларды жана сунуштарды негиз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык

аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит субъектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттердин натыйжасында, төмөндө жазылган жагдайларды кошпогондо, “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын жана анын филиалдарынын бюджетинин аткарылышы бардык олуттуу аспектилерде мыйзам талаптарына (белгиленген аудиттин критерийлерине) шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы боюнча берилген жазма буйругунун аткарылышы**

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын 2021-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан берилген:

1. 2023-жылдын 24-июлундагы № 01-20/61 жазма буйруктун 7 пункту жарым-жартылай аткарылган (п.1, 3, 7, 12, 13, 16, 17):

- *1-пункт, жер тилкесине тастыктоочу документтери жок ишкана жана филиалдар боюнча, документтерди кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча мамлекеттик орган аркылуу тез арада калыбына келтирилсин;*

- *3-пункт, жер тилкелерди пайдалануу укугу, активди колдонуу укугу жана ижара милдеттери катары болжол менен 10 840,7 миң сомго жер тилкелерин баланс эсебине коюу боюнча тиешелүү чара жүргүзүлсүн.*

*“Жалал-Абаддагы райондор аралык жылуулук менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” филиалы боюнча:*

- *7-пункт, кызматкерлерге иштебеген күндөрүнө төлөнүп берилген 24,6 миң сом суммасындагы эмгек акыны калыбына келтирүү боюнча иш-чара жүргүзүлсүн.*

*“Жумгалдагы жылуулук, суу менен камсыздоо жана канализация ишканасы” филиалы боюнча:*

- *12-пункт, кызматкерге иштебеген күндөрүнө төлөнүп берилген 20,1 миң сом суммасындагы эмгек акыны калыбына келтирүү боюнча чара жүргүзүлсүн;*

- *13-пункт, 10,2 миң сомго ашыкча төлөнгөн эсеп берме суммалары калыбына келтирилсин.*

*“Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” филиалы боюнча:*

- *16-пункт, жер участокторунун баасын тактап, балanска кабыл алуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.*

*“Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” филиалы боюнча:*

*- 17-пункт, “Ак-Жол-2000” Ф/Ч тарабынан 1 853,3 миң сом (1128,6 т) зыянды ордуна келтирүү боюнча иш-аракеттер күчөтүлсүн жана камсыздалбаган учурда укук коргоо органдарына өткөрүп берүү жагы каралсын.*

2. 2023-жылдын 24-июлундагы № 01-20/62 сунуштаманын 3 пункту аткарылган эмес (п. 7, 12, 14), 7 пункту жарым-жартылай аткарылган (п.1, 3, 8, 15, 19, 27):

*- 1-пункт, Мамлекеттик субсидиялар боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен жыл аягына салыштыруу актылары түзүлсүн;*

*- 3-пункт, “Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасы”, “Таластагы жылуулук менен жабдуу ишканасы”, “Таш-Көмүрдөгү жылуулук менен жабдуу ишканасы”, “Чолпон-Атадагы жылуулук менен жылуулук жабдуу ишканасы”, “Кара-Балтадагы электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” филиалдарынын жер участокторуна болгон менчик укугу такталып, балансdefinitions кабыл алуу боюнча иш-чара жүргүзүлсүн.*

*“Оштогу райондор аралык жылуулук менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” филиалы боюнча:*

*- 7-пункт, Иш сапар чыгымдарын төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Сапар чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн жана белгиленген норма боюнча төлөө жагы көзөмөлгө алынсын.*

*“Жалал-Абаддагы райондор аралык жылуулук менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” филиалы боюнча:*

*- 8-пункт, “Кыргызжылуулукэнерго” Мамлекеттик ишканасынын Эсеп саясатынын талаптарынын сакталышы камсыздалсын.*

*“Орловкадагы жылуулук, суу менен камсыздоо жана канализация ишканасы” филиалы боюнча:*

*- 12-пункт, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” жобонун 96-пунктунун талаптарын (ижара боюнча тийешелүү маалымат берүү) аткарбаган жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.*

*Республикалык адистештирилген комбинаты филиалы боюнча:*

*- 14-пункт, Адистештирилген кир жуучу жайдын ишинен ашык чыгашаларды болтурбоо үчүн адистештирилген кир жуучу жайдын кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифи туура, эффективдүү болушу боюнча тиешелүү иш чаралары жүргүзүлсүн.*

*“Караколдогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” филиалы боюнча:*

- *15-пункт, “Каракол жылуулук камсыздоо ишканасы” филиалынын 2022-жылдын 8-августундагы №01-04-90 абоненттердин ыссык суу түтүктөрүн кестирүү жөнүндө буйругун аткаруу иштери аягына чыгарылсын.*

*“Майлуу-Судагыу жылуулук менен жабдуу ишканасы” филиалы боюнча:*

- *19-пункт, Көмүрдү сарамжалдуу пайдалануу жана туура сактоо жана келип түшкөн көмүрдүн өлчөмүн контролдук текшерүүдөн өткөрүү боюнча иш-чаралар көрүлсүн.*

*“Чолпон-Атадагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” филиалы боюнча:*

- *27-пункт, “Эсеп саясатынын” 3.6.8. пунктуна ылайык, негизги каражаттарга жана товардык материалдык баалуулуктарга инвентаризация жүргүзүлсүн.*

**Сунуштама**

2021-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын жана анын филиалдарынын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан жөнөтүлгөн:

- 2023-жылдын 24-июлундагы № 01-20/61 жазма буйруктун жарым-жартылай аткарылган 1, 3, 7, 12, 13, 16, 17-пункттарынын толук аткарылышы камсыздалсын;
- 2023-жылдын 24-июлундагы № 01-20/62 сунуштаманын аткарылбаган 7, 12, 14-пункттарын, жарым-жартылай аткарылган 1, 3, 15, 19, 27-пункттарын аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**“Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын техникалык экономикалык көрсөткүчтөрүнүн анализи**

“Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасы - коммуналдык энергетикалык өнөр жай ишканасы катары, республиканын 29 шаарынын, райондук жана курорттук борборлордун калкын, социалдык чөйрөсүн жана коммерциялык түзүмдөрүн жылуулук жана ысык суу менен камсыздоо кызматын көрсөтөт.

2023-жылы жалпы өндүрүлгөн жылуулук энергиясы план боюнча 527,2 миң Гкал, факт жүзүндө 471,018 миң Гкал өндүрүлгөн же план 89,3%га аткарылган. Сырттан сатып алуучу жылуулук энергиясы план боюнча 31,146 миң Гкал, факт жүзүндө 27,671 миң Гкал же план 88,8%га аткарылган. Жылуулукту өз чыгымдарына сарптоолор план боюнча 40,586 миң Гкал, факт жүзүндө 41,631 миң Гкал же пландан 102,5 %. Жылуулук түтүкчөлөрдөгү жоготуулар планы 121,344 миң Гкал, факт жүзүндө 115,342 миң Гкал же 95,0 % түзгөн. Сатылган жылуулук энергиясынын планы 365,290 миң Гкал, факт жүзүндө 314,045 миң Гкал же план 85,9 % аткарылган. Анын ичинен: калкка

планы 290,513 миң Гкал, факт жүзүндө 250,634 миң Гкал же 86,27 % аткарылган, бюджеттик ишканаларга планы 63,334 миң Гкал, факт жүзүндө 58,260 миң Гкал же 91,9% аткарылган, башка керектөөчүлөргө планы 11,443 миң Гкал, факт жүзүндө 5,151 миң Гкал же 45,01% аткарылган.

Жалпысынан республика боюнча 2024-жылдын 1-январына карата абоненттердин саны 53226, анын ичинде:

- калк – 52262;
- бюджеттик уюмдар - 384;
- башка уюмдар - 580.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 10-февралындагы № 49 буйругуна ылайык, Жалал-Абад областынын Кара-Көл шаарынын, Шамалды-Сай шаар тибиндеги айылынын, Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарынын отканалары “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын балансына өткөрүлүп берилген.

Каракол, Балыкчы, Таш-Көмүр шаарларындагы иштебей турган отканалар ишке киргизилди.

Түшүндүрүү иштеринин натыйжасында мурда өчүрүлгөн абоненттер, көп кабаттуу үйлөрдүн жашоочулары жалпы системага кошулуп, 2023-жылы “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын абоненттеринин саны 6937 абонентке көбөйгөн, анын ичинде калк - 6832 абонентке, бюджеттик мекемелер -58 абонентке жана башка керектөөчүлөр -47 абонентке.

“Кыргызжылуулукэнерго” МИ 21 филиалды камтыйт: анын ичинен

- 19 жылуулук менен камсыздоо тармагы;
- 2 негизги эмес ишканалар, анын ичинде “Республикалык адистештирилген комбинат” жана “Миң-Куш айылын тиричилик жактан тейлөө ишканасы”.

2024-жылдын 1-январына карата “Кыргызжылуулукэнерго” МИнин балансында 158 откана бар, анын ичинен: Талас областында 6, Чүй областында 43, Жалал-Абад областында 38, Нарын областында 29, Ысык-Көл областында 33, Ош областында 8 жана Баткен областында 1.

2023-жылы “Караколдогу жылуулук менен жабдуу ишканасында” “Кашка-Суу” көмүр отканасын калыбына келтирүү иштери аяктап, көп кабаттуу 3 үйдүн ички үй системалары оңдоо түзөөдөн өтүп, 01.12.2023-жылы ишке берилди.

“Таш-Көмүрдөгү жылуулук менен жабдуу ишканасында” “Кызыл-Жар” конушундагы көмүр отканасын калыбына келтирүү иштери аяктап, көп кабаттуу үйдүн ички системалары оңдолуп, 01.12.2023-жылы ишке берилди.

“Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасынын” № 4 отканасы убактылуу сактоого алынып, анын абоненттерине № 1 отkананын жылуулук пункту аркылуу жылуулук берилүүдө.

“Чолпон-Атадагы жылуулук менен жабдуу ишканасынын” “Алтын-Балалык” электр отканасы Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондунун 15.04.2023-жылдагы № 589-б буйругунун негизинде Кыргыз

Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын балансына өткөрүлгөн.

***“Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын финансылык чарбалык ишине анализ***

Кирешенин негизги булагы болуп жылуулук энергиясын сатуудан (жылытуу жана ысык суу менен жабдуу), электр энергиясын сатуудан, ичүүчү суу менен камсыздоодон жана саркынды сууларды чыгаруудан түшүүлөр эсептелет.

2023-жылга отчеттук маалыматтар боюнча баардыгы болуп 3 247 188,3 миң сом суммасында акча каражаттары келип түшкөн, анын ичинде өздүк продукцияны сатуудан түшүүлөр 1 002 545,3 миң сомду, операциялык иштерден башка түшүүлөр 77 235,1 миң сомду түзгөн, ошондой эле 2 167 407,9 миң сом суммасында субсидия алынган. Субсидиянын көлөмү жалпы кирешенин 66,7 пайызын түзөт.

Жылдык финансылык отчет боюнча каражаттардын чыгымы 3 244 662,6 миң сомду түзүп, анын ичинде товарларды сатып алууга 2 178 138,8 миң сом, кызмат көрсөтүүлөр үчүн 798 836,4 миң сом, башка чыгымдарга 267 667,4 миң сомду сарпталган. Мында жыл башына карата каражаттардын калдыгы 24 172,3 миң сомду, жылдын аягына карата 25 827,8 миң сомду түзөт. Иштин жыйынтыгы боюнча “Кыргызжылуулукэнерго” МИси 2023-жылды 111 109,9 миң сом суммасындагы киреше менен жыйынтыктаган.

Филиалдардын 2023-жылдын жыйынтыгы менен алынган жалпы пайдасы 169 674,8 миң сомду түзөт, алардын ичинен: Миң-Куштагы ТЖТИ 14 694,7 миң сом, Токмоктогу ЖЖИ 11 059,4 миң сом, Кара-Балтадагы ЖЖИ 6633,0 миң сом, Нарындагы ЖЖИ 13 829,9, Жалал-Абаддагы РАЖЖИ 15 238,4 миң сом, Таш-Көмүрдөгү ЖЖИ 1364,2 миң сом, Кочкор-Атадагы ЖЖИ 1392,9, Майлуу-Суудагы ЖЖИ 30 281,2 миң сом, Оштогу РАЖЖИ 74 501,5 миң сом, Чүйдөгү АКМК 679,6 миң сом. Ошол эле учурда айрым филиалдарда 2023-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча жалпы суммасы 58564,9 миң сомго зыян менен жыйынтыкташкан, алардын ичинен: Канттагы ЖЖИ 8825,2 миң сом, Беловодскидеги РАЖЖИ 12729,2 миң сом, Караколдогу ЖЖИ 8045,9 миң сом, Чолпон-Атадагы ЖЖИ 1133,3 миң сом, Балыкчыдагы ЖЖИ 1086,5 миң сом, Орловка ЖЖИ 3530,5 миң сом, Талас ЖЖИ 4441,9 миң сом, Майлуу-Суудагы ЖЖИ 18138,6 миң сом, МИ БА 633,9 миң сом.

2023-жылы берилген жылуулук энергиясы үчүн төлөмдөр 843 923,3 миң сом суммасында эсептелген, 873 887,2 миң сом чогултулган, же аткарылышы 104,1% ды түзөт, анын ичинде: калкка 329 029,1 миң сом эсептелип, 331 574,3 миң сом чогултулган, 100,8% га аткарылган. Республикалык бюджет боюнча 167 622,2 миң сом эсептелип, 178 183,6 миң сом чогултулган, аткарылышы 106,3% ды түзөт. Жергиликтүү бюджет боюнча 305 313,7 миң сом эсептелип, 322 431,8 миң сом чогултулган, 105,6%га аткарылган. Башка керектөөчүлөр боюнча 41 958,3 миң сом эсептелген, 41 697,6 миң сом чогултулган же 99,4%га аткарылган.

2024-жылдын 6-айлык отчеттун маалыматтары боюнча бардыгы болуп 2 212 257,7 миң сом суммасында акча каражаттары келип түшкөн, анын ичинен, өздүк продукцияны сатуудан, операциялык иштерден башка түшүүлөрдөн 672 257,7 миң сом, ошондой эле 1 540 000,0 миң сом суммасында субсидия алынган.

2024-жылдын 1-июлуна карата түзүлгөн отчет боюнча каражаттардын чыгымы 2 078 382,7 миң сомду түзүп, анын ичинде: товарларды сатып алууга 121 560,0 миң сом, күйүүчү майларга 972 883,0 миң сом, мындан, көмүргө 242 081,6 миң сом, мазутка 260 204,4 миң сом, газга 308 701,9 миң сом, электр энергияга 161 895,0 миң сом. Эмгек акы, соцфондго төлөмдөргө, административдик чыгымдарга 506 048,4 миң сом, өздүк электроэнергия өндүрүүгө 45 980,4 миң сом, суу төлөмдөрүнө 23 112,6 миң сом, сырттан жылуулук энергиясын сатып алууга 29 551,2 миң сом, ар кандай кызмат көрсөтүүлөр үчүн 108 753,5 миң сом, амортизацияга 49284,8 миң сом, Миң-Куш филиалынын чыгашаларын жабууга 10 530,8 миң сом, ар кандай башка төлөмдөргө 59 492,0 миң сом (КНС, мүлк салыгы, штрафтар, курс айырмалары, банк кызматы, башка ишканалардын кызматы), кийинки жылга даярдык көрүүгө 151 186,0 миң сом сарпталган. Чыгымдардын негизги суммасын эмгек акыга, соцфондго, административдик чыгымдарга 24,3%, материалдарды, отун сатып алууга 52,7%, ар кандай башка чыгымдар 24,0% түзөт.

***Отканаларды жана жылуулук тармактарын оңдоп түздөө жумуштары***

Отканаларды жана жылуулук тармактарын күз-кыш мезгилине даярдоо боюнча оңдоо иштери 2023-жылга карата оңдоо-калыбына келтирүү иштеринин бекитилген сметасына жана планына ылайык филиалдар тарабынан жүргүзүлдү.

2023-жылы оңдоо иштерине 2023-жылдын 31-декабрына карата 197 156,9 миң сом пландаштырылган, негизги 158 откананы жана көмөкчү жабдууларды оңдоо иштери бүткөрүлүп, план 100% аткарылган. Отканаларда эски от казандар жаңы 33 даанага алмаштырылды. Жылуулук тармактарынын жалпы узундугу 380 миң 782 чакырымды түзүп, анын ичинен 16 миң 22 чакырым жылуулук тармактарынын эскирген тилкелери алмаштырылды.

***Кайра куруунун жана модернизациялоонун программасы боюнча аткарылган жумуштар***

2023-жылы “Кыргызжылуулукэнерго” МИсынын “Республикалык адистештирилген комбинатында” ВОССТ-М маркасындагы 33 даана отказан, 2 даана “Луга” жана 10 даана күл жыйноочулар даярдап чыгарылган. Россия Федерациясынан 3 буу жана 4 ысык суу менен иштөөчү отказан, 2 жылуулук алмаштыргыч алынган. Ошондой эле, сынактын жыйынтыгында жергиликтүү өндүрүшчүлөрдөн 6 буу отказаны жана 4 электр отказаны сатылып алынган. 2023-жылы жалпысынан 50 отказан алмаштырылган, Кыргызстанда чыгарылган 4 электр бөлүштүргүч даярдалып алынган.

**Аудитте аныкталган каржы бузуулар**

2023-жылдын 1-январынан 2024-жылдын 1-июлуна чейинки мезгил аралыгына карата "Кыргызжылуулукэнерго" МИнин ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгында, жалпысы болуп **356 579,7** миң сом финансылык тартип бузуулар аныкталды. Каржы бузуулардын 4 207,7 миң сому ордуна коюлууга жатат, аудит учурунда ордуна коюлганы 1 639,5 миң сом. Мурдагы аудитте өндүрүлбөй калган 298,3 миң сом аудит учурунда бюджетке калыбына келтирилди.

**Бузуулардын классификатору боюнча:**

- 110201 бюджетке төлөмдөрдү эсептөөнүн тууралыгы, толуктугу жана өз учурунда төлөнүшү боюнча, алар боюнча туумдарды жана айып пулдарды эсептөө жана төлөө боюнча контролду жүргүзүү боюнча чаралардын көрүлбөшү **1 129,9** миң сом;

-110106 Бюджеттик мыйзамдардын талаптарына бюджеттик долбоордун чыгымдар бөлүгүнүн туура келбеши, **301 552,3 мин сом;**

- 210305 бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) - **586,5** миң сом, толук ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда 462,4 миң сом ордуна коюлду;

- 230207 - Капиталдык салымдарга каражаттарды пайдаланууда жана курулуш иштерин аткаруудагы жана башка бузуулар **264,5** миң сом;

- 230305 - ТМБ жана башка чыгымдар боюнча ченемден ашык чыгымдар **20,6** миң сом.

- 240101 Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттин аткарылышындагы башка бузуулар жана кемчилдиктер (акы төлөп кызмат көрсөтүүдө, аткарылбаган ишке негизсиз акы алуу – **2 318,1** миң сом, толук ордуна коюлууга тийиш;

-310106 -товардык материалдык баалуулуктарды жана мүлктү тастыктоочу документсиз чыгыштоо **161,4 миң сом**, 45,2 миң сом ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда мекемеге 16,9 миң сом калыбына келтирилди;

- 410205 Эмгек акы, сапар чыгымдары, жөлөк пулдар, компенсация жана башка төлөмдөрдү төлөөдөгү бузуулар – **37 733,2** миң сом, **1 258,0** миң сом ордуна коюлууга тийиш, аудит учурунда 1160,2 мин сом ордуна коюлду;

- 510113 - Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар- **12 813,2** миң сом.

Мындан сырткары, 410303 Бюджеттик отчеттуулукту түзүү эрежелеринин жана башка бузуулары боюнча 390 867,7 мин сомдук бузуулар аныкталды, аудит учурунда 390 867,7 миң сом мекемеге калыбына келтирилген.

**Республикалык бюджеттен бөлүнгөн субсидияларды пайдалануунун натыйжалуулугунун аудити**

“Кыргызжылуулукэнерго” МИсине 2023-жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзамга ылайык, бекитилген субсидиянын суммасы 1 570 513,3 миң сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-июнундагы № 370-б буйругуна жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин 2023-жылдын 26-июнундагы чечимине ылайык, 20 000,0 миң сом кошумча бөлүнүшүнө байланыштуу бюджетке өзгөртүүлөр киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин 18.09.2023-жылдагы токтому менен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 15.09.2023-жылдагы № 536-б буйругуна ылайык, бюджетке 400 000,0 миң сом өлчөмүндө кошумча каржылоого өзгөртүүлөр киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 17-ноябрындагы № 704-б буйругу, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат боюнча комитетинин 2023-жылдын 20-ноябрындагы чечими менен бюджеттен 176 900,0 миң сом бөлүнгөн. Бөлүнгөн каражатты ишкана “Кыргызнефтегаз” ААКсына мазут үчүн төлөп берген.

Натыйжада 2023-жылга такталган субсидиянын бюджети 2 167 413,3 миң сомду түзгөн. 2023-жылга факт жүзүндө бөлүнгөн субсидия 2 167 407,9 миң сом. Бөлүнгөн каражаттар төмөнкү максаттарга жумшалган: Товарлар, материалдар жана кызматтар үчүн төлөө 98 716,8 миң сом, “КНГ” ААКсына мазут үчүн төлөм  592 638,9 миң сом, сатып алынган электр энергиясы үчүн төлөм 39 000,0 миң сом,  көмүр үчүн төлөм 181 000,0 миң сом, эмгек акыга 488 842,9 миң сом, Соцфондго 43 600,0 миң сом, салыктарга 8 467,4 миң сом, газ үчүн төлөм 459 400,0 миң сом, электр энергиясы үчүн төлөм 164 703,1 миң сом, транспорт кызматына 33 800,0 миң сом, “Мин-Куш” айылын тиричилик жактан тейлөө ишканасына” 21 016,8 миң сом, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине кредитке төлөө 16 222,0 миң сом, “Майлуу-Суу жылуулук менен жабдуу ишканасына” 20 000,0 миң сом.

**2024 жыл**

Иш жүзүндө 2024-жылдын 1-июлуна карата 1 540 000,0 миң сом каржыланган, бул 2023-жылдын жылдык суммасынан 71,05% ды түзөт (2 167 407,9 миң сом).

Бөлүнгөн акча каражаттары төмөнкү максаттарга жумшалган: “Кыргызнефтегаз” ААКсына мазут үчүн 199 981,7 миң сом, жылуулук энергиясын сатып алууга 35 753,6 миң сом, көмүр отунун сатып алууга 258 095,0 миң сом, эмгек акы төлөмдөрүнө 377 439,5 миң сом, Социалдык фондго 24 643,3 миң сом, салыктарга 9 440,9 миң сом, жаратылыш газына 300 000,0 миң сом, электр энергиясына 254 528,1 миң сом, мазут ташууга 9 935,7 миң сом, чыгымдарды жабуу (СПМК) 13 845,0 миң сом, ар кандай чыгымдарга 56 337,2 миң сом.

***Узак мөөнөткө берилген кредиттер боюнча аудит***

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 18-октябрындагы № 242-т тескемесинин негизинде “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасына “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсына пайдаланылган жаратылыш газы үчүн кредитордук карызына которуу үчүн 200 000,0 миң сом өлчөмүндө бюджеттик кредит бөлүнгөн. 2021-жылдын 1-ноябрындагы № 19-04-01/74/69 Кредиттик келишимине Кыргыз Республикасынын Финансы министри А.К. Бакетаев жана “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын башкы директору Б.Дж. Джусупбеков кол коюшкан.

“Узак мөөнөттүү кредиттер жана карыздар” 4130 эсебинде “Кыргызжылуулукэнерго” МИси тарабынан 2021-жылдын 16-ноябрындагы № 324 төлөө тапшырмасы менен “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсына пайдаланылган жаратылыш газы үчүн бюджеттик кредиттин эсебинен 200 000,0 миң сом которулган, анын ичинен, “Токмоктогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” үчүн 172 589,7 миң сом, “Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” үчүн 27 410,3 миң сом. Бюджеттик кредиттин негизги суммасын кайтаруу мөөнөтү 2022-жылдын 20-майынан 2024-жылдын 20-ноябрына чейин каралган. Кредиттик келишимдин шарттарын өз убагында аткарбагандыгына байланыштуу, “Кыргызжылуулукэнерго” МИсы тарабынан **729,0 миң сом** туум, **400,9 миң сом** айып пул бюджетке которулуп берилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-октябрындагы № 549-т тескемеси менен “Кыргызжылуулукэнерго” МИсине кредитордук карызына которулган 200 000,0 миң сом өлчөмүндөгү бюджеттик кредитти кайтаруу мөөнөтү 2025-жылдын 20-майынан 2027-жылдын 20-ноябрына чейин узартылган.

**Сунуштама**

Мындан ары, жоготууларга жол бербөө максатында, узак мөөнөттүү алынган кредиттер, келишимдин шарттарына ылайык өз убагында төлөнүшү камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы № 391 токтому менен бекитилген Калкка жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо муктаждыктарына берилүүчү жылуулук энергиясына тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында келип чыккан чыгашаларды жабууга субсидиялардын өлчөмүн эсептөө методикасына ылайык, 2023-жылга 1 570 513,3 миң сом суммасында субсидия каралган, анын ичинен жылуулук энергиясын иштеп чыгууга жана сатууга байланышкан чыгымдарды жабууга субсидиялардын жалпы суммасынан 1 549 487,0 миң сом (98,7%) жана “Мин-Куш” айылын тиричилик жактан тейлөө ишканасына” 21 026,3 миң сом (1,3%) каралган. Тактaлган смета 2 167 407,9 миң сомду, ал эми факт жүзүндөгү чыгымдар 2 167 407,9 миң сомду түзгөн. Факт жүзүндө МИсинин чыгашаларын жабууга 2 146 381,6 миң сом же 97% жумшалган, анын ичинен

субсидиянын суммасынан кредитордук карызды жабууга 426 196,5 миң сом которулган, “Мин-Куш” айылын тиричилик жактан тейлөө ишканасынын” чыгашаларын жабууга 21 026,3 миң сом же бардык чыгашалардын 3% жумшалган.

Жыйынтыгында субсидиянын бекитилген суммадан такталган суммадан четтөөсү 596 894,6 миң сомду түзөт. План боюнча 1 Гкал жылуулук энергиясынын өздүк наркы 7737,13 сом, факт жүзүндө өздүк наркы 8273,55 сомду түзүп же 536,42 сомго көп.

Субсидиянын көбөйүшүнүн негизги себептери:

- консервацияланган отканаларды киргизүү жолу менен 2023-жылы жаңы 6937 абонент жылуулук жана ысык суу менен камсыздоого кошулган, анын ичинде калктын саны 6832 абонент;

- мазут, көмүр, газ жана электр энергиясы түрүндөгү отундун бааларынын өсүүсү.

**Сунуштама**

Жылуулук энергиясынын өздүк наркынын өсүшүнө жол бербөө үчүн пландык өздүк наркты түзүүдө бардык чыгымдар эске алынышы, ошондой эле бекитилген чыгымдардын так сакталышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2024-жылдын 1-июлуна карата субсидия боюнча жабылбаган чыгашалар “Канттагы жылуулук берүү ишканасы” боюнча 96 328,3 миң сомду түзгөн. Бирок, 2024-жылдын 1-июлуна карата 131 189,0 миң сом акча каражаты каржыланган, же 65089,1 миң сомго көп өлчөмдө каржыланган. Ошондой эле ашыкча каржылоо “Токмок жылуулук менен жабдуу ишканасы” боюнча 85 092,4 миң сомду, “Кара-Балта электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” боюнча 105 852,2 миң сомду жана “Беловодскидеги райондор аралык жылуулук жана суу менен жабдуу ишканасы” боюнча 40 362,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы № 391 токтому менен бекитилген Калкка жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо муктаждыктарына берилүүчү жылуулук энергиясына тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында келип чыккан чыгашаларды жабууга жылуулук менен жабдуучу ишканаларга мамлекеттик бюджеттен субсидияларды берүүнүн убактылуу тартибине (4 б., п.11) ылайык, 2024-жылдын 1-июлуна карата ашыкча каржыланган жалпы **296 396,6** миң сом 2024-жылдын күзгү-кышкы от жагуу сезонунда эсепке алынсын, анын ичинен, “Канттагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” боюнча 65 089,1 миң сом, “Токмоктогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” боюнча 85 092,4 миң сом, “Кара-Балтадагы электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” боюнча 105 852,2 миң сом, “Беловодскидеги

райондор аралык жылуулук жана суу менен жабдуу ишканасы” боюнча 40 362,9 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Ченемден ашыкча жоготуулардын эсебинен, (жылуулук энергиясын иштеп чыгууга жана сатууга тарифтерди белгилөөдө бекитилген ченемдерден ашкан жоготуулардын чоңдугу) субсидиялардын көлөмүн 5 155,7 миң сомго белгиленген нормадан ашыкча көбөйтүүгө жол берилген, анын ичинен, “Токмоктогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” боюнча 3 835,3 миң сом (776,25 Гкал х 4940,75 сом), "Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу ишканасы" боюнча 1320,4 миң сом (217,73Гкал х 6064,5).

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 13-июлундагы № 391 токтому менен бекитилген Калкка жылытуу жана ысык суу менен камсыздоо муктаждыктарына берилүүчү жылуулук энергиясына тарифтерди мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжасында келип чыккан чыгашаларды жабууга субсидиялардын өлчөмүн эсептөө методикасынын 13-пунктуна ылайык, субсидиялардын көлөмүн 5 155,7 миң сомго белгиленген нормадан ашыкча көбөйтүлгөн суммалар ишканалардын чыгашаларына киргизилиши жана 2024-жылдын күзгү-кышкы от жагуу сезонунда каржылоодо эске алынуусу керек, анын ичинен, “Токмоктогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” боюнча 3 835,3 миң сом жана “Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу ишканасы" боюнча 1 320,4 миң сом.

***Жылуулук тармактарына техникалык шарттар менен кошулган кардарларга эсептөөлөрдүн негиздүүлүгү жана түзүлгөн келишимдерге анализ***

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 10-февралындагы № 100 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы инженердик-техникалык камсыздоо тармактарына кошуунун тартибин жана техникалык шарттарды берүүнүн эрежесине ылайык, жылуулук менен жабдуу тармактарына технологиялык кошууга төлөмдүн өлчөмү жылуулук менен жабдуучу уюм тарабынан базалык өлчөмдүн негизинде ар бир кардар үчүн өзүнчө эсептелет. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетика комплексин жөнгө салуу департаментинин 2023-жылдын 20-февралындагы № 26 буйругуна ылайык, технологиялык кошулуу үчүн базалык төлөм 1 Гкал/саат жылуулук үчүн 5 253,82 миң сомду түзөт.

“Канттагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” Кант шаарынын Гагарин көчөсүндө (номери жок) жайгашкан көп кабаттуу турак жайына (ээси “Кантстрой-Сервисплюс” ЖЧКсы), технологиялык кошуу үчүн 2 077,1 миң сомго төлөм эсептеген эмес.

“Токмоктогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” Чүй айылынын Ибраимов көчөсүнүн № 27 дареги боюнча турак жайды технологиялык кошуу

үчүн төлөм эсеп боюнча 14,4 миң сом болушуна карабастан, 1,6 миң сом эсептеген же 12,8 миң сом кем эсептеген. Ошондой эле Токмок шаары А.Сулайманкулов көчөсүнүн № 77 турак-жайды технологиялык кошуу үчүн төлөм 229,8 миң сомго эсептелүүсү керек болсо, 1,6 миң сом гана эсептелген. Жыйынтыгында турак жайды технологиялык кошуу үчүн 228,2 миң сомго кем эсептелген.

**Сунуштама**

Техникалык шарттарды берүүдө технологиялык кошуу үчүн төлөм эсептелген эмес жана кем эсептелген **2 318,1 мин сомду** өндүрүү камсыздалсын, анын ичинен, "Токмок жылуулук менен жабдуу ишканасы" боюнча Чүй айылынын Ибраимов көчөсүнүн № 27 дарегиндеги абоненттен 12,8 миң сом, Токмок шаары А.Сулайманкулов көчөсүнүн № 77 турак жайынын ээсинен 228,2 миң сом, "Канттагы жылуулук менен жабдуу ишканасы" боюнча "Кантстрой-Сервисплюс" ЖЧКсынан 2077,1 миң сом.

**Филиалдардагы капиталдык жана учурдагы оңдоого, отканаларды оңдоого багытталган чыгымдардын аудити**

**Аныкталды жана корутунду**

"Кыргызжылуулукэнерго" МИнин филиалдарында 2023-2024-жылдар аралыгында республикалык бюджеттен бөлүнгөн субсидиялардын максаттуу пайдаланылышына жана туура өздөштүрүлүшүнө жүргүзүлгөн шайкештик аудиттинде, капиталдык жана учурдагы оңдоолорго, отканаларды оңдоого багытталган чыгымдардын аудитинде, жалпы **264,5** миң сомдук курулуш иштердин көлөмүн жогорулатуу аныкталган, анын ичинен, "Кара-Балтадагы электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмесинде" 29,2 миң сом, "Орловкадагы жылуулук, суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу ишканасында" 76,3 миң сом, "Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу ишканасында" 76,2 миң сом жана "Кара-Көлдөгү жылуулук менен жабдуу ишканасында" 82,8 миң сом.

**Сунуштама**

264,5 миң сомго курулуш-куроо жана оңдоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы республикалык бюджетке калыбына келтирилсин, анын ичинен, "Кара-Балтадагы электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмесинен" 29,2 миң сом, "Орловкадагы жылуулук, суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу ишканасынан" 76,3 миң сом, "Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу ишканасынан" 76,2 миң сом жана "Кара-Көлдөгү жылуулук менен жабдуу ишканасынан" 82,8 миң сом.

**Кассалык жана банктык операциялардын аудити**

**Аныкталды жана корутунду**

"Мин-Куш" айылын тиричилик жактан тейлөө ишканасы" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана төлөмдөрдүн үлүшүн

көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны бекитүү тууралуу 2018-2023-жылдарга (үчүнчү этап)" токтомун бузуу менен накталай операциялар 3 124,8 миң сом суммасында накталай акча менен жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы № 166/51-6 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны бекитүү тууралуу 2018-2023-жылдарга (үчүнчү этап)" токтому Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-декабрындагы № 675 токтомуна ылайык күчүн жоготкондугу эске алынсын, мындан ары, кызмат көрсөтүүлөргө, товарларга, материалдарга, отчеттук суммаларга төлөө, ошондой эле аларды эмгек акыга, отчеттуулукка жана башка төлөмдөргө чыгымдоо үчүн каражаттарды кабыл алуу накталай эмес төлөмдөр аркылуу ишке ашырылсын.

**Эмгек акы төлөө фондуна аудит**

**Аныкталды жана корутунду:**

"Кыргызжылуулукэнерго" МИнин кээ бир филиалдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы №408 токтому менен бекитилген Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесинде жана ошондой эле штаттык ырааттамада каралбаган, сый акылар жалпы **14 145,1** миң сомго берилип, соцфондго чегерүүлөрү **2 440,0 миң сомду** түзөт. Анын ичинен, "Беловодскидеги райондор аралык жылуулук жана суу менен жабдуу ишканасы" бир жолу төлөнүүчү сый акы 81,4 миң жана эмгек акыга ар кандай кошумча төлөөлөр 446,2 миң сом, мындан сырткары жыл ичинде штаттык ырааттамада 2023-жылы эки кварталдын жыйынтыгы менен сый акы каралса, ишкана тарабынан төрт кварталга сый акы берилип, штаттык ырааттамада каралгандан 3 904,8 миң сомго ашыкча берилген, "Кара-Балта электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси" штаттык ырааттамада 2023-жылы эки кварталдын жыйынтыгы менен сый акы каралса, ишкана тарабынан үч кварталга сый акы берилип, штаттык ырааттамада каралгандан 5 197,1 миң сомго ашыкча берилген. 2024-жылы штаттык ырааттамада каралбаган бир жолу төлөнүүчү сый акы 4 457,2 миң сом суммасында берилген. Мындан сырткары компьютерде иштегендеги зыяндуулук үчүн негизсиз 58,4 миң сом төлөнгөн.

Мындан сырткары, Кыргызжылуулукэнерго" МИнин кээ бир филиалдары 2023-жылдын жыйынтыгын 58 564,9 миң сом зыян менен аяктагандыгына карабастан, штаттык ырааттамада каралбаган 13-чү эмгек акыга, жалпы **15 483,0** миң сомго эсептелип берилген, Соцфондго чегерүүлөрү **2 670,8 миң сомду** түзөт, анын ичинен "Канттагы жылуулук менен жабдуу ишканасы" 5 107,1 миң сом, "Орловкадагы жылуулук, суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу ишканасы" 2 015,3 миң сом, "Беловодскидеги райондор аралык жылуулук жана суу менен жабдуу ишканасы" 2 504,5 миң сом, "Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу ишканасы" 537,3 миң сом,

“Караколдогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” 962,2 миң сом, “Чолпон-Атадагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” 919,7 миң сом, “Таластагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” 1 512,6 миң сом жана “Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” 1 924,3 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 26-июлундагы № 408 “Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесин бекитүү жөнүндө” токтомунда жана штаттык ырааттамада каралбаган сыйлыктар жана башка кошумча төлөмдөр кайрадан каралып, кызматкерлердин эмгек акысына кошумча төлөөнү жөнгө салуучу ченемдик документ иштелип чыгып, эмгек акысына кошумча төлөөлөр тартипке келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду**

Эмгек акыларды чегерүүнү текшерүүнүн жүрүшүндө “Орловка жылуулук, суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу ишканасынын” башкы бухгалтери В.Т. Мусапырова, өзүнүн эсебине 2023-жыл ичинде авансалык төлөмдөрдү ашыкча которууга жол бергени аныкталды. Берилген аванс өз убагында кармалбагандыктан, жылдын аягына **204,9** миң сом дебитордук карыз пайда болгон. Ошондой эле А.М. Ибраимовдун жыл аягына 45,4 миң сом дебитордук карызы болгон. Жалпысынан 250,3 миң сом өз убагында кармалбай калган. *(Текшерүүнүн жүрүшүндө 2024-жылдын 28-июндагы №1 ККО аркалуу 177,4 миң сом, 2024 жыл 28-июндагы №2 ККО 72,9 миң сом, бардыгы 250,3 миң сом филиалга калыбына келтирилди).*

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгек акынын эсебинен берилген аванстар өз убагында жана толук өлчөмдө кармалып, дебитордук карыздын пайда болушуна жол берилбесин.

Эмгек акы боюнча дебитордук карыздын пайда болушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Жалал-Абаддагы райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмесинин” жооптуу кызматкерлери тарабынан 01.01.2023-жылга карата мурда иштеп кеткен кызматкерлерге 24,5 миң сом ашыкча төлөнгөн. Бул ашыкча төлөнүп калган эмгек акыларды 31.12.2023-жылга чейин өндүрүү боюнча тийиштүү иш чара жүргүзүлбөгөндүктөн, негизсиз 24,5 миң сом өлчөмүндө дебитордук карыз пайда болгон.

**Сунуштама**

“Жалал-Абаддагы райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмесинин” жетекчилиги, жумуштан бошоп кеткен кызматкерлерден ашыкча берилип кеткен 24,5 миң сомду өндүрүү боюнча чараларды көрсүн.

Эмгек акы боюнча дебитордук карыздын пайда болушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Беловодскидеги райондор аралык жылуулук жана суу менен жабдуу ишканасында” конкреттүү жумуш ордуларына жооп берүүчү башкы инженер, экономика жана тарифтер боюнча башкы адис, абоненттер боюнча башкы адис, башкы адис инженер энергетик, башкы адис инженер механик, мамлекеттик сатып алуулар боюнча башкы адистин болгондугуна карабастан, жалпы 2 335,6 миң сомдук эмгек акы фондусу менен бири-бирин кайталаган, иш көлөмү жетишээрлик деңгээлде камсыздалбаган 3 штаттык бирдик ашыкча кармалган, алар директордун жалпы маселелер боюнча орун басары, пресс секретарь, сатып алуулар бөлүмүнүн башчысы.

Ошондой эле, штаттык ырааттамада 16 адамдан турган 2 780,9 миң сомдук эмгек акы фонду менен ремонттук бригаданын барлыгына карабастан, күнүмдүк ремонт иштерине кароолчулар тартылып, аларга 114,6 миң сом эмгек акы негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

“Беловодскидеги райондор аралык жылуулук жана суу менен жабдуу ишканасында” бири-бирин кайталаган, иш көлөмү жетишээрлик деңгээлде камсыздалбаган 3 штаттык бирдик жоюлуп, функционалдык милдеттери башка кызмат адамдарына жүктөлсүн.

Мындан ары эмгек акы фондунан ыксыз чыгашага жол бербөө үчүн күнүмдүк оңдоо иштери оңдоо иштери боюнча бригаданын күчү менен жүргүзүлсүн.

Ашыкча жана бири-бирин кайталаган штаттык бирдиктердин болушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргызжылуулукэнерго” МИнин филиалдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 374 “Зыяндуу эмгек шарттарында иштегендерге сүт жана башка эквиваленттүү тамак-аш азыктарын, самындарды, жуучу каражаттарды жана дезинфекциялоочу каражаттарды бекер берүү жөнүндө” токтомунун 8-пункту сакталбастан, 2023-жылы кызматкерлерге нак сүттүн ордуна акчалай компенсация түрүндө жалпы 2 337,5 мин сом суммасында берилген, анын ичинен, “Чолпон-Атадагы жылуулук менен жабдуу ишканасын” - 41,9 миң сом, “Республикалык адистештирилген комбинаты” - 2 100,0 миң сом жана “Нарындагы райондор аралык жылуулук менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” - 195,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Кыргызжылуулукэнерго” МИнин филиалдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 374 токтомунун зыяндуу эмгек шарттарында иштегендерге сүт берүү боюнча талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинатында” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 25-июнундагы № 374 токтомунун зыяндуу эмгек шарттарында иштегендерге сүт берүү боюнча талаптарынын сакталышы камсыздалсын.

Кызматкерлерге нак сүттүн ордуна акчалай компенсация түрүндө төлөөлөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Социалдык фондго төгүмдөр жана салыктар боюнча өз ара эсептешүүлөрдүн аудити**

**Аныкталды жана корутунду**

Салык органдары тарабынан Социалдык фондго чегерүүлөрдүн өз убагында төлөнбөгөндүгүнө байланыштуу 16 489,1 миң сом өлчөмүндө айыптык санкциялар жана туумдар эсептелген, бул өз кезегинде ишкананын бюджетинин жоготуусуна алып келген, анын ичинен, “Кара-Балтадагы электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмесинде” 6 280,7 миң сом, “Токмоктогу жылуулук менен жабдуу ишканасында” 7 416,7 миң сом жана “Орловкадагы жылуулук, суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу ишканасында” 2 791,9 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы № 385 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу” токтомуна ылайык мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү, Социалдык фондго өз убагында чегерилсин.

Ишкананын бюджетинин жоготууларына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Иш сапар чыгымдарынын жана отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн аудити**

**Аныкталды жана корутунду**

“Жалал-Абаддагы райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмесинин” материалдык жоопкер кызматкерлери тарабынан жоопкерчиликке алынган **199,1** миң сом акча каражатына авантык отчет тапшырылган эмес же акча каражаты филиалдын эсебине кайтарылган эмес. Аудиттин жүрүшүндө жоопкерлер Б. Сулайманов жана А. Жусупбековтор тарабынан 196,0 миң сомдук акча каражаттары банктык эсепке накталай акча түрүндө кайтарылып төгүлүп, жоопкерчиликке алынган акча каражаттары ордуна коюлду.

**Сунуштама**

Отчет берүүгө алынган жалпы 3,2 миң сом акча каражаттарын тиешелүү кызматкерлердин эсебинен ордуна коюу боюнча чаралар көрүлсүн.

Отчет берүүгө алынган акча каражаттарына өз убагында авансык отчет тапшыртууну көзөмөлгө албаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдарынын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндөгү” токтомунун талаптары сакталбастан, иш сапар чыгымына жалпы 70,2 мин сом негизсиз ашыкча төлөнгөн, анын ичинен “Кочкор-Атадагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” 11,5 миң сом, Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” 52,1 миң сом жана “Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” 6,6 миң сом.

**Сунуштама**

Иш сапар чыгымына негизсиз ашыкча төлөнгөн жалпы 70,2 мин сом ордуна коюлсун, анын ичинен: Кочкор-Атадагы жылуулук менен жабдуу ишканасынан” 11,5 миң сом, “Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасынан” 52,1 миң сом жана “Балыкчыдагы жылуулук менен жабдуу ишканасынан” 6,6 миң сом.

Иш сапар чыгымдарына негизсиз ашыкча төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” **713,9** миң сом суммасында акча каражаты өндүрүштүк максаттарга чыгымдалып, аванстык отчет толугу менен тапшырылган эмес. Аудит убагында материалдык жоопкер адамдар 713,9 миң сомго аванс отчетторун тапшырышып, карыздарын толук жабышкан. *(Майлуу-Суу ЖЖИ аныктама №01-8/25, 17.09.2024-жыл)*

**Сунуштама:**

Мындан ары, жоопкерчиликке берилген акча каражатына аванстык отчетторду өз убагында жана толугу менен тапшыртууну камсыздасын.

Жоопкерчиликке алынган акча каражаттарына өз убагында аванстык отчет тапшыртууну көзөмөлгө албаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Негизги каражаттардын жана товардык материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит**

**Аныкталды жана корутунду**

Транспорт каражаттарына, автотранспортту пайдалануу боюнча белгиленген лимит өлчөмдөрүнүн сакталышына аудит жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация

министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругунун талаптары сакталбастан “Токмоктогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” тарабынан кызматтык жана нөөмөттөгү автотранспорттор үчүн күйүүчү майдын сарпталышына чек коюлган эмес. Айрым кызматкерлерге Бишкек шаарына кызматтык иш сапарга чыккандыгы үчүн жол кире акысынын ордуна, жеке автотранспортторго 2110 литр күйүүчү май берилип анын баасы 108,7 миң сомду түзгөн. Ошондой эле “Жалал-Абаддагы райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмесинде” 2023-жылда жалпы 130,0 литр, же 7,5 миң сомдук күйүүчү май лимиттен ашыкча чыгымдалган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругунун талаптарына ылайык, кызматтык жана нөөмөттөгү автотранспорттор үчүн күйүүчү майды керектөөнүн лимити белгилесин, ошондой эле кызматтык жана нөөмөттөгү автотранспортторду, жеке автотранспортторду кызматтык максаттарга пайдалануу иретке келтирилсин;

- Иш сапарга чыкканда күйүүчү-майлоочу май берүү практикасы токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

Жеке автоунааларды чарбалык максатта пайдаланган кызматкерлерге берилген күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүн текшерүүдө 40 литр 2,0 миң сом өлчөмүндө күйүүчү-майдын жетишсиздиги аныкталды *(Аудит убагында өз ордуна коюлду, ККО 26.08.2024ж.)*

**Сунуштама**

Материалдык баалуулуктардын сакталышы жана сарпталышы жоопкер адамдар тарабынан сакталсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

“Кара-Балта электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” жана “Камалов” ЖЧКсы менен түзүлгөн 2023-жылдын 6-июлундагы № 40 келишимдин шарттарына ылайык көмүрдүн калориялуулугу 4300 ккал/кг болушу керектигине карабастан, алып келинген көмүрдүн орточо калориялуулугу 3761,45 ккал/кг түзгөн.

2023-жылдын 6-июлундагы № 40 жеткирүү келишиминин 5-бөлүгүнүн 5.3-пунктуна ылайык сапаты начар товарларды жеткирген учурда жүк алуучу товарды кабыл алуудан баш тартууга укуктуу.

Ушундай эле сапатсыз көмүр жеткирүүлөр, “AVAT” ЖЧКсы тарабынан да жол берилген. Келишимде төмөнкү күйүү жылуулугу 4300 ккал/кг болуусу каралган, жалпысынан 10 000,0 тонна көмүр кабыл алынган, көмүрдүн орточо калориясы 4030,0 ккал/кг. “Субанкулов”

ЖЧКсы көмүрдүн калориялуулугу келишимдин шарттарында 4300 ккал, аныгы 4075 ккал болгон.

Жогорудагы “Камалов”, “AVAT” жана Субанкулов ЖЧКлары тарабынан алып келинген көмүрдүн калориялуулугу келишимдин шарттарынан төмөн болгондугуна байланыштуу, ишканада түзүлгөн сапат комиссиясы тарабынан, келишимде каралган бааларга кайра эсептөө жүргүзүлүп, “Камалов” ЖЧКсынын алып келинүүчү көмүр көлөмү 10000 тн., келишимдеги баасы тоннасына 5100 сом, факт жүзүндө 4494,63 сомду түзүп, 51 000,0 миң сомдун ордуна 44 946,3 миң сом же 6 053,7 миң сомго азайтылган, “AVAT” ЖЧКсынын алып келинүүчү көмүр көлөмү 10000 тн., келишимдеги баасы тоннасына 4850,0 сом, аныгында 4461,25 сомго эсептелип, 48500,0 миң сомдун ордуна 44 612,5 миң сом эсептелип же 3 887,5 миң сомго азайтылган, Субанкулов ЖЧКсынын алып келинүүчү көмүрдүн көлөмү 11928,4 тн., келишимдеги баасы 5100 сом, факт жүзүндө 4461,25 сомго эсептелип, 60834,8 миң сомдун ордуна 56 452,4 миң сом эсептелип, **2 757,6** миң сомго азайтылган. Жалпы сапатсыз көмүр алып келгендиги үчүн келишимдеги каралган баалардын азайтылуусу 12 698,8 миң сомду түзөт.

**Сунуштама**

Жеткирип берүү графигин бузууну жана сапатсыз көмүр менен камсыз кылууну болтурбоо үчүн мындан ары көмүрдү сатып алууда келишимдин шарттарында каралган талаптар так сакталсын. Көмүрдү өз убагында жеткирбегендиги үчүн жана сапаты төмөн көмүрдү алып келгендиги үчүн келишимде каралган санкциялар толук колдонулсун.

Келишимдин шарттарын так аткарбастан, сапатсыз көмүр жеткирген “Камалов”, “AVAT” жана “Субанкулов” ЖЧКларын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сатып алуулар порталынын ак ниет эмес берүүчүлөрдүн тизмесине (кара тизме) киргизүү сунушталсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргызжылуулукэнерго” МИсинин филиалдарында инвентаризациялоонун жыйынтыгында 7 136,0 миң сомдук пайдаланууга жараксыз ТМБлар, жабдуулар жана негизги каражаттар сакталып тургандыгы аныкталды, анын ичинен, «Республикалык адистештирилген комбинатында» 1 806,6 миң сом, “Чолпон-Атадагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” 2 938,7 миң сом жана «Нарындагы райондор аралык жылуулук менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмесинде” 2 390,7 миң сом.

**Сунуштама**

Ишкананын кампаларындагы пайдаланууга жараксыз ТМБлардын, жабдуулардын жана негизги каражаттардын калдыктарын эсептен чыгаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит учурунда жүргүзүлгөн инвентаризациялардын жыйынтыгында

«Кочкор-Ата жылуулук менен жабдуу ишканасында» 14,9 миң сомдук негизги каражаттардын жетишпестиги аныкталып, аудит убагында өз ордуна коюлду.

“Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” жалпы 28,3 миң сомдук, анын ичинде материалдык жактан жооптуу А. Анарбаевден 13,4 миң сомго жана М. Мадиевден 14,9 миң сомго негизги каражаттардын жетишпестиги аныкталган.

**Сунуштама**

Инвентаризациянын жыйынтыгында аныкталган жетишпестиктер, материалдык жактан жооптуу А. Анарбаевден 13,4 миң сом жана М. Мадиевден 14,9 миң сом өндүрүлүп, өз ордуна коюлсун.

Мамлекеттик мүлктүн жетишпестиктерине жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Ижара мамилелеринин аудити**

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргызжылуулукэнерго” МИнин филиалдарынын 2024-жылдын 30-июнуна карата ижара акысынан жана мамлекеттик жана жеке партнердук инвестициядан республикалык бюджетке которулуучу карыздын калдыгы 519,2 миң сомду түзөт, анын ичинен, “Канттагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” боюнча 124,1 миң сом, “Кара-Балтадагы электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” боюнча 15,1 миң сом, Борбордук аппарат боюнча 380,0 миң сом. *(Аудит убагында “Кара-Балтадагы электржылуулук менен жабдуу жана суу менен камсыздоо өндүрүштүк бирикмеси” 15,1 миң сом, Борбордук аппарат 380,0 миң сом бюджетке которду).*

**Сунуштама**

“Канттагы жылуулук менен жабдуу ишканасы” ижара акысынан калган 124,1 миң сомду республикалык бюджетке которууну камсыздасын.

**Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар боюнча укуктук ченемдик актыларынын сакталышына аудит**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары сакталбастан, 2023-жылы жана 2024-жылдын 1-июлуна чейин, чарбалык керектөөгө жана ар кандай сатып алууларга акча каражатын карталык эсепке которуу жолу менен конкурс өткөрүлбөстөн, жалпысы 11 643,1 миң сомдук сатып алуулар жүргүзүлгөн, анын ичинен, “Кара-Көлдөгү жылуулук менен жабдуу ишканасында” 827,1 миң сом, “Жалал-Абаддагы райондор аралык

жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмесинде” 3051,6 миң сом, “Кетмен-Төбөдөгү жылуулук менен жабдуу ишканасында” 130,3 миң сом, “Оштогу райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмесинде” 549,6 миң сом, “Кочкор-Атадагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” 175,6 миң сом, “Таш-Көмүрдөгү жылуулук менен жабдуу ишканасында” 4463,3 миң сом жана “Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” 2445,6 миң сом.

“Мин-Куш” айылын тиричилик жактан тейлөө ишканасы” тарабынан 2023-жылы конкурс өткөрүлбөстөн ТМБларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу максатында 1397,4 миң сом берилген, анын ичинен, техникалык кароого жана автотетиктерге 281,6 миң сом, кеңсе буюмдары, тиричилик буюмдары, оргтехникага керектелүүчү материалдар үчүн 802,6 миң сом, МБП үчүн 109,9 миң сом төлөнгөн. Калган 227,3 миң сом ишкананын кассасына кайтарылган.

“Майлуу-Суудагы жылуулук менен жабдуу ишканасында” Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин 19.1 пунктун бузуу менен, жөнөкөй сатып алуу методу менен 2023-жылы жалпы суммасы 6 748,7 миң сомго, даяр товарларды жана жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөр сатып алынган, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пландык наркын аныктоо үчүн рынокко талдоо жүргүзүлгөн эмес.

Ошондой эле, 20.1 пунктун бузуу менен, өндүрүштүк ишин камсыздоо үчүн зарыл болгон күнүмдүк керектелүүчү товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу планы бекитилген эмес.

**Сунуштама**

Сатып алууларды жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартиби так сакталсын.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү укуктук ченемдик актылардын бузулушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Борбордук аппарат менен түзүлгөн 2023-жылдын 9-ноябрындагы № 66, 67, 68 жана 69 келишимдерине ылайык, “Алыкулов” ЖЧКсына 4 автотранспорт каражаттарын жеткирүү үчүн 2023-жылдын 21-ноябрында 3

373,4 миң сом суммасында 50% алдын ала төлөө жүргүзүлгөн. Бирок, “Алыкулов” ЖЧКсы келишимде каралган 28 күндүк жеткирүү мөөнөттү бузуу менен, алдын ала төлөмдү алгандан кийин болгону 2 бирдик автотранспорт каражатты жеткирилген.

Келишимдин шарттарын толук аткарбагандыгына байланыштуу “Алыкулов” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдер жокко чыгарылган. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык келишимдин шарттарын аткарбагандыгы үчүн депозиттик эсепте сакталып турган келишимди аткаруу кепилдиги 67,3 миң сом, республикалык бюджетке которулууга тийиш (*Аудит учурунда 2024-жылдын 11-сентябрындагы №ЦА00342 ТТ менен 67,3 миң сом республикалык бюджетке которулуп берилди).*

**Сунуштама**

Келишимдин шарттарын аткарбастан, автотранспорт каражаттарын жеткирүүнү үзгүлтүккө учураткан “Алыкулов” ЖЧКсын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Сатып алуулар порталынын ак ниет эмес берүүчүлөрдүн тизмесине (кара тизме) киргизүү сунушталсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити**

Бардыгы болуп 01.01.2023-жылга баланс боюнча 293 411,4 миң сом суммасындагы дебитордук карыз бар, 31.12.2023-жылга карата дебитордук карыз көбөйүп, 374 400,0 миң сомду түзгөн. Дебитордук карыздын эң көп суммасын салыктар түзөт 310 362,5 миң сом (82,9 %), анын ичинде кошумча нарк салыгы 304 855,7 миң сом, импортко кошумча нарк салыгы 4 452,9 миң сом, киреше салыгы 656,8 миң сом, сатуудан салык 397,1 миң сом. Кошумча нарк салыгы боюнча карыздар 2009-жылдан азыркы учурга чейин түзүлгөн.

01.07.2024-жылга 310 986,7 миң сом суммасында дебитордук карыз бар, анын ичинен, кошумча нарк салыгына 304 855,7 миң сом, импортко кошумча нарк салыгы 4 742,9 миң сом, киреше салыгы 881,1 миң сом, сатуудан салык 507,0 миң сом.

01.01.2023-жылга 937 317,8 миң сом суммасында кредитордук карыз бар, анын ичинен, Кыргызнефтегаз” ААКсы 359 560,6 миң сом, “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсы 166 462,8 миң сом, “Кыргыз Улуттук Электр тармактары” ААКсы 231 743,6 миң сом, “Электр станциялары” ААКсы 104660,0 миң сом, Ават ЖЧКму 20553,3 миң сом, “Сабтундра ойл” ЖЧКсы 23 030,4 миң сом, Чуй СПМК 26455,7 миң сом, «Жедигер Кен» ЖЧКму - 4851,4 миң сом.

Бардыгы болуп 01.01.2024-жылга 994 550,2 миң сом суммасында кредитордук карыз бар, алардын ичинен: “Кыргызнефтегаз” ААКсы 174 741,4 миң сом, “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсы 196 462,7 миң сом, “Кыргыз Улуттук Электр тармактары” ААКсы 256 916,3 миң сом, “Электр станциялары” ААКсы -128 224,8 миң сом, көмүр үчүн 176 784,4 миң сом, “Кыргызойлгрупп ЖЧКсы 13 230,5 миң сом, “Фортес” ЖЧКсы 5 770,3 миң сом, “Бигтрейд”

ЖЧКсы 4 149,0 миң сом, "Искендер-62" ЖЧКсы 1 775,0 миң сом, Финансы министрлигинин кредити 11 100,0 миң сом, “Кант ТШП” ЖЧКсы 14 582,7 миң сом жана “Апросах” ЖЧКсы 10 813,1 миң сом.

01.07.2024-жылга карата жеткирүүчүлөр боюнча 727 962,1 миң сом суммасында кредитордук карыз бар, анын ичинен “Кыргызнефтегаз” ААКсына мазут үчүн 150 896,1 миң сом, “Газпром Кыргызстан” ЖЧКсына газ үчүн 231 095,8 миң сом, “Кыргыз Улуттук Электр Тармактары” ААКсына 204 803,7 миң сом, “Электр станциялары” ААКсына -119 060,5 миң сом, Финансы министрлигинин кредитине 10 434,0 миң сом, “Апросах” ЖЧКсына - 11 672,0 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-июлундагы № 345 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу «Кыргызжылуулукэнерго» мамлекеттик ишканасын кайра уюштуруу жөнүндө» токтомуна ылайык, 01.07.2024-жылга карата жеткирүүчүлөр боюнча 727 962,1 миң сом суммасында кредитордук карыз бөлүштүрүү баланс менен төмөндөгү мамлекеттик ишканаларга бөлүштүрүлгөн: Кара-Балта МИ – 64 148,6 миң сом, Беловодск МИ – 52 679,5 миң сом, Кант МИ – 53 528,6 миң сом, Токмок МИ – 103 660,0 миң сом, Орловка МИ – 78 068,5 миң сом, Балыкчы МИ – 37 648,6 миң сом, Чолпон-Ата МИ – 28 286,0 миң сом, Каракол МИ – 22 889,0 миң сом, Нарын МИ – 34 973,1 миң сом, Талас МИ – 18 947,5 миң сом, Ош МИ – 5 839,2 миң сом, Жалал-Абад МИ – 47 635,3 миң сом, Майлуу-Суу МИ – 66 612,2 миң сом, Кочкор –Ата МИ – 6 794,5 миң сом, Таш-Көмүр МИ – 13 270,7 миң сом, Кара-Көл МИ – 92 956,5 миң сом.

2023-жылдын аягына карата жылуулук энергиясына керектөөчүлөр боюнча карыздын суммасы азайып 204 916,3 миң сомду түзгөн, анын ичинде калк 152 241,4 миң сом, бюджеттик уюмдар 37 875,8 миң сом, башка керектөөчүлөр 14 799,1 миң сом.

01.07.2024-жылга карата 182 350,6 миң сом суммасында дебитордук карыз бар, анын ичинде калктын карызы 105 217,6 миң сомду түзөт же 57,7%.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-июлундагы № 345 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасын кайра уюштуруу жөнүндө” токтомуна ылайык, 01.07.2024-жылга карата 182 350,6 миң сом суммасында жылуулуктан пайдалангандыгы үчүн дебитордук карыздарды бөлүштүрүү баланс менен төмөндөгү мамлекеттик ишканаларга бөлүштүрүлгөн: Кара-Балта МИ – 24 915,7 миң сом, Беловодск МИ – 3 364,0 миң сом, Кант МИ – 1 574,9 миң сом, Токмок МИ – 23 442,7 миң сом, Орловка МИ – 6104,7 миң сом, Балыкчы МИ – 3 815,4 миң сом, Чолпон-Ата МИ – 6 071,2 миң сом, Каракол МИ – 22 357,0 миң сом, Нарын МИ – 29 158,6 миң сом, Талас МИ – 5 483,9 миң сом, Ош МИ – 5 027,9 миң сом, Жалал-Абад МИ – 5 828,8 миң сом, Майлуу-Суу МИ – 19 018,1 миң сом, Кочкор-Ата

МИ – 6 136,0 миң сом, Таш-Көмүр МИ – 14 678,7 миң сом, Кара-Көл МИ – 5 373,0 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргызжылуулукэнерго” МИсинин филиалдарында 2024-жылдын 1-июлуна карата баланс боюнча кайтарылбаган дебитордук карыздар резерви эсебиндеги өндүрүлбөгөн карыздардын калдыгы 10 754,8 миң сомду түзөт, анын ичинен, “Токмоктогу жылуулук берүү ишканасы” 4 360,1 миң сом, “Орловкадагы жылуулук берүү ишканасы” 6 200,5 миң сом жана “Канттагы жылуулук берүү ишканасы”  194,2 миң сом.

**Сунуштама**

Жалпы 10 754,8 мин сом өлчөмүндөгү кайтарылбаган дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча комплекстүү чараларды көрүлсүн, анын ичинен, “Токмоктогу жылуулук менен жабдуу ишканасы” боюнча 4 360,1 миң сом, “Орловкадагы жылуулук, суу менен жабдуу жана саркынды сууларды чыгаруу ишканасы” боюнча 6 200,5 миң сом жана “Канттагы жылуулук менен жабдуу ишканасы”  боюнча 194,2 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Жылдын жыйынтыгын "Кыргызжылуулукэнерго" МИсы 111 109,9 миң сом суммасындагы киреше менен, ал эми айрым филиалдар 2023-жылдагы иштин жыйынтыгы боюнча жалпы суммасы 58 564,9 миң сом зыян тартуу менен жыйынтыктаган. 31.12.2023-жылга карата Кошумча нарк салыгы боюнча дебитордук карыз 304 855,7 миң сомду түзөт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-июлундагы № 345 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасын кайра уюштуруу жөнүндө" токтомуна ылайык, "Кыргызжылуулукэнерго” МИнин иши токтотулган күндөн тартып, пайдага салык боюнча чегерүүлөрдү жана кошумча нарк салыгы боюнча дебитордук карызды тактоо үчүн Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик салык кызматына кайрылсын.

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргызжылуулукэнерго” МИсинин 2024-жылдын 30-июнуна карата тастыкталган бөлүштүрүү балансында “Башка милдеттенмелер” эсеби 1 200 367,2 миң сом деп көрсөтүлгөн, ал эми аудит жүргүзүүдө  809 499,6 миң сом экендиги аныкталган. Жыйынтыгында **390 867,7** миң сом суммасында айырмачылыктар келип чыккан.

Аудиттин жүрүшүндө 390867,7 миң сомго айырма “Башка милдеттенмелер” эсебинен азайтылып, кошумча бухгалтердик жазуу менен "Субсидиялар боюнча эсептешүүлөр” эсебине алып барылып көбөйтүлдү.

**Сунуштама**

Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө жана жылдык балансты түзүүдө “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана

“Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын эсеп саясатынын талаптары так сакталсын.

**Коммуналдык кызматтардын аудити**

**Аныкталды жана корутунду**

“Кыргызжылуулукэнерго МИсинин “Республикалык адистештирилген комбинатына” 2023-2024-жылдарга белгиленген электр энергиясынын лимити 225 000 кВт/саат болгон, факт жүзүндө керектөө 243 178 кВт/саатты түзгөн, бул белгиленген лимиттен 18 178 кВт/саатка ашыкча, суммасы 20,6 миң сомду түзөт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 23-августундагы № 425 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө” токтому менен “Кыргызжылуулукэнерго” МИсинин “Республикалык адистештирилген комбинаты” Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинаты” мамлекеттик мекемеси болуп түзүлгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинаты” мамлекеттик мекемеси тарабынан электр энергиясына белгиленген лимиттер так сакталсын, ашыкча чыгымдоого жол берилбесин.

**Эскертүү:** “Ош райондор аралык жылуулук менен жабдуу өндүрүштүк бирикмесинде” 2023-жылга жүргүзүлгөн аудитте финансылык тартип бузуулар аныкталган эмес.

**“Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын ишин оптималдаштыруу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчигине өткөрүп берүү**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2-июлундагы № 345 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасын кайра уюштуруу жөнүндө” токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасынын ишин оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасы анын филиалдарынын базасында мамлекеттик ишканаларды бөлүү жана түзүү жолу менен кайра уюштурулуп уставтары бекитилген.

Мамлекеттик ишканалар бөлүштүрүү балансына ылайык “Кыргызжылуулукэнерго” МИнин укук мураскерлери болуп саналат.

“Кыргызжылуулукэнерго” МИни кайра уюштуруу жол-жобосу аяктаганга чейин жылуулук менен камсыздоо объекттерин 2024/2025-жылдын күз-кыш мезгилине даярдоо жоопкерчилиги “Кыргызжылуулукэнерго” МИге жүктөлгөн.

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиги менен биргеликте белгиленген тартипте кайра уюштурулган юридикалык жактардын бөлүштүрүү баланстарын бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги менен бирге белгиленген тартипте “Кыргызжылуулукэнерго” МИни кайра уюштуруу жол-жобосу аяктаганда кайра түзүлгөн мамлекеттик ишканаларды, алардын иштеген жери боюнча тиешелүү мүлктүк комплекстери (активдери, материалдык-техникалык базалары), штаттык саны жана милдеттенмелери менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын муниципалдык менчигине өткөрүп берет.

Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында муниципалдык ишканаларды түзүүнүн жыйынтыктары боюнча, мыйзамда белгиленген тартипте тиешелүү лицензияларды берүүнү тездетүү, табигый монополиялар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жылуулук энергиясына тарифтерди белгилөө милдеттендирилген.

“Кыргызжылуулукэнерго” МИнин иши токтотулган күндөн тартып Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 “Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө” токтомунун 1-пунктунун 6, 7-пунктчалары күчүн жоготту деп эсептелет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **П.С. Батиров**